# ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН АНДАН АРКЫ ИШИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМИ

Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары – Тараптар) Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (мындан ары – Университет) иштөө негиздерин аныктоо максатында, 1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында кол коюлган "Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында "Манас" атындагы Кыргыз-Түрк университетинин ачылышына байланыштуу Келишимге" өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында бул Келишимге кол коюшту:

## 1-БЕРЕНЕ

Бул келишим 1997-жылдын 24-октябрында Анкара шаарында кол коюлган, "Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында "Манас" атындагы Кыргыз-Түрк университетинин ачылышына байланыштуу Келишимдин" тиркеме Протоколун жокко чыгарбайт.

Аталган протоколдун мөөнөтү Келишимдин мөөнөтү менен кошо аягына чыгат.

## 2-БЕРЕНЕ

Университетте окутуу түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Бирок, орток же кош диплом берүүчү программалар чет тилдеринде окутулушу мүмкүн. Кээ бир бөлүмдүн өзгөчөлүгүнө жараша заманбап тилдер терендетилип окутулат. Бул максатта тиешелүү факультет жана бөлүмдүн муктаждыгына жараша 1 жылдык даярдоо курсу ачылышы мүмкүн.

## 3-БЕРЕНЕ

Университетте жаңы факультет, институт, жогорку мектеп жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдү ачуу боюнча чечимдер ректорлуктун сунушунун негизинде Камкорчулар кеңеши тарабынан кабыл алынат.

## 4-БЕРЕНЕ

Университет илимий өз алдынчалыкка ээ болуп, анын бүтүрүүчүлөрүнө берилген дипломдор эки өлкө тарабынан таанылат.

## 5-БЕРЕНЕ

Университетти башкаруу 8 адамдан турган Камкорчулар Кеңеши тарабынан жүргүзүлөт. Камкорчулар Кеңешине ар бир Тараптан төрттөн мүчө дайындалат. Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы жана 3 мүчөсү түрк Тарабынан 3 тараптуу (Президенттин, Премьер-министрдин жана Министрдин) чечим менен дайындалат. Аталган чечим Түркия Республикасынын Жогорку Билим Берүү Комитетинин сунушунун негизинде Түркия Республикасынын Улуттук эл агартуу министрлиги тарабынан даярдалат.

## 6-БЕРЕНЕ

Университеттин ректору Камкорчулар Кеңешинин сунуштоосу менен Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин Башкы Кенеши тарабынан, ал эми биринчи проректору (Ректордун биринчи орун басары) Камкорчулар Кеңешинин сунуштоосу менен кыргыз Тарабынан иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык 4 жылга дайындалат.

## 7-БЕРЕНЕ

Камкорчулар Кеңешинин иши менен кошо университеттин башкаруу, каржы жана илимий-изилдөө иштерине жалпы байкоо жана текшерүү жүргүзүү максатында Текшерүү комиссиясы түзүлөт, анын курамына ар бир Тараптан төрттөн мүчө дайындалат. Бул Комиссиянын мүчөлөрүн дайындоо Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрүн дайындоо тартибине ылайык жүргүзүлөт. Текшерүү комиссиясынын төрагасы 2 жылда бир жолу кезектешүү менен

Тараптар тарабынан аныкталат. Текшерүү комиссиясы жылына кеминде 1 жолу Тараптарга жалпы отчет берет.

**8-БЕРЕНЕ**

Түркия, Кыргызстан жана башка түрк тилдүү мамлекеттердин жана коомдорунун жарандарына-студенттерине университетке кабыл алууда мүмкүнчүлүктөргө жараша артыкчылык берилет.

Орто жана жогорку билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрү университетке жогорку окуу жайларынын кабыл алуу тартибине ылайык кабыл алынат.

**9-БЕРЕНЕ**

Кыргыз Тарабы университетти, анын кызматкерлерин (профессордук-окутуучулар курамын, административдик кызматкерлерин, жетекчилерин ж.б.) жана студенттерин Кыргыз Республикасынын жарандары баш ийген мыйзамдардын алкагында укук жана мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылат. Университетте иштей турган Түркия Республикасынын жарандары болгон окутуучулардын саны кандайдыр бир чектөөгө алынбайт. Университетте иштей турган чет өлкөлүк жарандардан турган кызматкерлердин жалпы саны университет тарабынан Кыргыз Республикасынын тиешелүү мекемелерине билдирилет. Тараптар, университетте иштей тургандар менен кошо, бир биринин окутуучуларын өз ара макулдашуунун негизинде иштөөгө уруксат алуудан бошотот.

**10-БЕРЕНЕ**

Университет заманбап университеттин үлгүсү боюнча курулат жана анын бюджетинин 50 пайызы Түркия Республикасы, 50 пайызы Кыргыз Республикасы тарабынан каржыланат. Университет уюмдардан, мекемелерден жана жеке адамдардан жардам ала алат.

**11-БЕРЕНЕ**

Университетте эмгектене турган административдик кызматкерлер жана профессор-окутуучулар курамы эмгек келишиминин негизинде иштешет.

Түркиянын мамлекеттик университеттеринен жиберилген окутуучулар менен административдик кызматкерлер Түркия Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына ылайык 3 жылга чейин айлык маяналарын сактоо менен иштей алат. Түркиянын мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларынан жана башка уюмдардан келе турган окутуучулар жана административдик кызматкерлер Камкорчулар Кеңешинин талабына жана иштеген мекемелеринин уруксатына, ошондой эле Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин дайындоосуна ылайык эмгек маяналары сакталбастан иштей алат.

Бул багытта ишке алынган окутуучу жана административдик кызматкерлердин эмгек акыларынын өлчөмү ушул Келишимдин негизинде иштелип чыга турган уставдын жоболоруна ылайык Камкорчулар Кеңеши тарабынан аныкталат жана алардын Кыргызстанда эмгектенген кызмат мөөнөтү Түркия Республикасынын Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин Социалдык коргоо комитетинин көзөмөлүндө болот; чет өлкөлөрдө иштегендиги үчүн төлөнүүчү компенсациядан тышкары, негизги айлык акысынан төлөнүүчү бардык социалдык коргоо төлөмдөрү университеттин бюджетинен төлөнөт. Кыргызстандагы кызматтык мөөнөтү Түркиядагы эмгек стажына кирет жана кызматтык жогорулоодо эске алынат.

## 12-БЕРЕНЕ

Университет үчүн Түркия жана чет өлкөлөрдөн алынып келинген ар түрдүү окуу куралдарынан, материалдык-техникалык жабдуулардан жана курулуш материалдарынан бажы салыктары жана башка төлөмдөр алынбайт. Университеттин айлантуучу капиталын иштетүүдөн түшкөн кирешелер ар кандай салыктан бошотулат.

## 13-БЕРЕНЕ

Кыргыз Тарабы университетти керектүү имараттар менен бирге, кампус жана окуу-өндүрүштүк чарба курууга ылайык болгон жер тилкелери менен камсыз кылат. Университетке бөлүнүп берилген имарат жана жерлер Камкорчулар Кеңеши тарабынан бааланат. Университеттин менчигине берилген имарат жана жердин наркына тете болгон оңдоо, материалдык техникалык камсыздоо жана башка максаттагы керектөөлөр үчүн Түрк тарабы университеттин бюджетине акча каражатын бөлүп берет.

## 14-БЕРЕНЕ

Камкорчулар Кеңеши кеминде 1 жолу ар бир календардык жылдын аягында Тараптарга Университеттин иши жөнүндө отчет берет.

## 15-БЕРЕНЕ

Университеттин ишмердигине жалпы көзөмөлдү түрк Тарабынан Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин жетекчилиги, ал эми кыргыз Тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзөт.

## 16-БЕРЕНЕ

Бул келишимге түшүндүрмө берүү жана аны иш жүзүнө ашырууда келип чыккан пикир-келишпестиктерди жоюу Тараптардын ортосундагы дипломатиялык каналдар аркылуу чечилет.

## 17-БЕРЕНЕ

Бул Келишим 25 жылга түзүлүп, Тараптардын кол коюусу үчүн зарыл болгон бардык иш-чаралар аяктагандыгын кабарлоо дипломатиялык каналдар аркылуу Тараптарга жазуу жүзүндө билдирилген күндөн тартып күчүнө кирет. Келишимдин мөөнөтүнүн бүтөөрүнө 6 ай калганда Тараптардан бири Келишимден баш тартуу боюнча пикирин билдирбесе, Келишим 25 жылга өзүнөн өзү узартылган болуп эсептелет.

Университеттин бюджетинен сатып алынган кыймылсыз мүлктөр, курулган имараттар жана материалдык техникалык жабдуулар университеттин мүлкү болуп эсептелет. Университетти жоюу чечими кабыл алынса, Тараптардан орток комиссия түзүлөт, университеттин мүлкүнүн эсеби чыгарылып,Тараптар өздөрүнө тиешелүү үлүштөрүн бөлүп алышат.

Мөөнөтү аяктаганына карабастан башталып, уланып келе жаткан долбоорлор жана иш-чаралар үчүн бул Келишимдин жоболору өз күчүн жоготпойт.

## 18-БЕРЕНЕ

Бул Келишимдин жоболорун кандайдыр бир учурда дипломатиялык каналдардын жардамы менен Тараптардын кат жүзүндө кайрылуусу жана макулдугу аркылуу өзгөртүлүшү мүмкүн.

Мындай өзгөртүүлөр аталган Келишимдин 17-беренесинин 1-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирет.

## УТУРУМДУК БЕРЕНЕ

Бул Келишим кол коюлган күндөн тартып 3 ай ичинде, ушул Келишимдин 6-беренесине ылайык ректор жана биринчи проректор дайындалат. Бул дайындоо иш жүзүнө ашканга чейин кызмат милдетин аткарып жатышкан ректор жана биринчи проректор кызматтык милдеттерин аткарууну улантат.

Бул Келишим 2011-жылдын 26-апрелинде Түркиянын Анкара шаарында түрк жана кыргыз тилдеринде ар бири эки нускада даярдалды жана эки тилдеги тексттер бирдей күчкө ээ болгон нускаларына кол коюлду.

**Түркия Республикасын Өкмөтүнүн атынан**

**Нимет Чубукчу**
**Улуттук эл агартуу министри**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан**

**Канат Жалилович Садыков**
**Билим берүү жана илим министри**